| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН |
|---|---|---|
| ЭҢИЛЧЕК АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ЭНИЛЧЕКСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |

Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин
XVIII-чакырылышынын XI-сессиясы

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 10-октябры № 16** **Эңилчек айылы**

## Эңилчек айылдык аймагын өзүнчө айылдык аймак катары калтыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын негизинде Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы №350 “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө” Жарлыгынын негизинде Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан Эңилчек айылдык аймагынын Кыдыр-Аке же болбосо Хан-Теңири айылдык аймактардын бирөөсүнө кошулуу сунушу четке кагылсын.
2. Эңилчек айылдык аймагынын айылдары “Өзгөчө статусу” бар, бийик тоолуу, алыскы, чек ара аймактарынын катарында тургандыгын эске алуу менен жана элдик жыйындардын каршылыгын белгилеп, Эңилчек айылдык аймагы өзүнчө айылдык аймак болуп калтырылсын.
3. Бул чечим жогорку инстанцияларга жеткирилсин.
4. Токтом Мыйзам чегинде каттоодон өткөрүлүп, юстиция башкармалыгына көчүрмөсү жиберилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А.У.Исмаилова**